# Сабактын темасы: Ата - энеге сый урмат көрсөтүү!

**Сабактын максаттары:**

• ата-эненин, баланын үй-бүлөдө ордун жана ролун билишет;

• ата-эне жана бала ар дайым бири-бирине сый-урмат менен мамиле жасоо керектигин билишет; акыл-эсин өстүрүү менен кабыл алуусун, эсте тутуусун, ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө өбөлгө алышат;

• ата-энени урматтоо менен сабырдуу, адамгерчиликтүү, боорукер болууга аракеттенишет; үй-бүлөдө ата-эненин, баланын ордун билип, бири-бирин сыйлоого тарбияланышат.

**Сабактын тиби:** жаңы түшүнүктөрдү өздөштүрүү сабагы

**Сабактын усулу:** интерактивдүү ыкма

**Бул сабак эмне берет?**

- үй-бүлө жөнүндө түшүнүк алышат;
- келечектеги өз үй-бүлөсү жөнүндө ойлонушат;
- ата-эне менен баланын ортосундагы мамиле жөнүндө кабардар болушат;

**Сабактын жүрүшү. Уюштуруу:**

**Мугалим:** Жок болсо да ак сарайым, алтыным
Бүт ааламдан, бүт дүйнөдөн мен баймын
Менин дүйнөм, менин мүлкүм байлыгым
Ата, апа тирүүлүктө барлыгың

Ата – дөөлөт, эне таалай бала үчүн
Кадырлоого жумша андыктан бар күчүң
Кылбасанда чеке тердеп алп мээнет
Ошол болсун коомго кошкон үлүшүң

Ата менен эне тирүү барында
Эң башкы ишин жан дилинден кадырла
Каза тапса арзыбайт бир тыйынга
Сен көтөргөн алтынын да, ыйында

Мактай албайм үйдөй алтын жыйнасам
Мага десен академик, аалым бол!
Ата эненеге терен урмат кылбасан
Адам деген асыл наамын кор болот!

Саламатсынарбы! Урматтуу окуучулар. «Ата - аскалуу тоо, эне – анын боорундагы булак, бала – экөөнө тен жанып турган шам чырак» бул ар бир инсандын жүрөгүнөн түнөк тапкан нарктуу нуска. Окуучум!, бул нуска сенин жүрөгүңөн түнөк табышын каалайм. Сабакты баштардан мурда маанайларды көтөрүү үчүн “Менин атам жана апам” оюну ойнотулат. Оюндун максаты-ата-эненин ордун белгилөө, туура мамиле жасоого калыптандыруу.

| | |
|---|---|
| Менин атам – камкор | Менин апам – мээримдүү |
| Менин атам – акылдуу | Менин апам – боорукер |
| Менин атам – жоопкерчиликтүү | Менин апам – сүйкүмдүү |
| Менин атам – сабырдуу | Менин апам – өнөрлүү |
| Менин атам – адамгерчиликтүү | Менин апам – ак ниет |

Силердин бул жарык дүйнөгө келишинерге себепкер болгон, тарбиялап өстүргөн ата-эненердин сүт акысын актагыла. Аларга болгон урматоонорду ширин тил менен, таза эмгегинер менен көрсөткүлө. Өмүр бою аларга кызмат кылып, алардын ыраазычылыгын алгыла.
Ата – эненин балага болгон мээрими чексиз, көргөн камкордугу, келечегине күткөн үмүтү чоң.

шБаласы: - Ата сиз мени чын эле жакшы көрөсүзбү?
Атасы: - Балам, менин сени канчалык денгээлде жакшы көрөөрүмдү өзүң балалуу болгондон кийин гана даанарак түшүнөсүң!
Ошондон бери «Балам балалуу болгондо билесин» деген лакап айтылып калган экен.
Окуучулар ата – эне жөнүндө макалдарды айтышат.

1. Ата сыйлаган абийир табат, эне сыйлаган элине жагат.
2. Алты күн ачка калсанда, атанды сыйла
3. Атасы үчүн баласын айыпка жыкпайт, баласы үчүн атасы эмнени гана укпайт
4. Ата көргөн ок жонот, эне көргөн тон бычат.
5. Карынын сөзүн капка сал.

Ата деген – башталыш. Деңиз суусу дарыядан, дарыя булактан башталгандай, сен атаңдан башталгансың. Сен – атандын уландысысың. Демек, сенин мал-мүлкүң, үй-бүлөң, тапкан-ташыганың да атаңдан башталат. Атага акаарат келтирүү Аллага акаарат келтирүү сыңары каралат. Ошондуктан элибизде "Ата ыраазы – кудай ыраазы", – деп коёт. Ата-үй-бүлө кыйынчылыктарын, балдардын азап-тозогун жүктөп бараткан кербен сыяктанат. Ата-энеси менен ал-акыбал сурашпаган балага бейиштин эшиктери жабык болот экен. "Ата Журтум, Ата Мекеним" деген сөздөрдүн "Ата" деген сөз менен катар келишинде аябай чоң маани, эсепсиз байлык жатат. "Бир ата жүз тарбиячыдан өйдө", – дейт белгилүү психолог Ж.Герберт. Ошол ата-энеге биз бир өмүр карызбыз.

Ал эми **эне** бар үчүн биз барбыз, аалам бар, адам бар, турмуш бар, жашоо бар. Сиз жана биз бир кичинекей тамчы суудан эненин денесинде кыймылга кирип, бир бурдам эттен чоңоюп адам болгонбуз. Муну үчүн эң биринчи энеге карыздарбыз. Эне деген ушундай улук, адамдын жаралышына, өсүшүнө, инсан болушуна ушул эне биринчи кезекте себепкер.

Бир уламышта минтип айтылат: Кыз сүйөмүн деген жигитине: "Сен энеңдин жүрөгүн сууруп алып, мага алып келсең, мен сага күйөөгө чыгууга макул болом" – дейт. Бул кыздын шартын жигит энесине келип айтса, энеси макул болот да, жүрөгүн сууруп берет. Энесинин жүрөгүн алып антаңдап шашып бараткан жигит бир жерге чалынып жыгылат. Ошондо эненин жүрөгү айтат дейт: "Атаны, балам ай, абайлап баспайт белең, бир жериң катуу тийип калбадыбы?" Эне деген ушундай. "Баланын билеги ооруса, эненин жүрөгү ооруйт" – деп төгүн жерден айтылбаган экен.

Чындыгында, жогорудагы айтылган создорго назар салсак, ата биз үчүн аскар тоо, жөлөгүбүз, таянычыбыз. Ал эми энебиз баарынан мурда башат булак, мээримдүүлүктүн соолбос булагы. "Баласыз үй – мазар, балалуу үй – базар" –дегендей, биз балдар ата-энелерге шам чыракпыз.

**Мугалим:** «Эне» жөнүндө дастан окулат. Дастанга талкуу жүргүзүлөт

**Бышыктоо:** «Сен билесинби?» деген оюн ойнотулат. Мында окуучулар биринен экинчисине улам гүл узатышып, ата эненин ыйыктыгын даназалаган сөздөрдү айтышат.

текшерилди:

Атанын уулу
болуу – урмат,
элдин уулу
болуу – кымбат

**Ата – мекен,**

**эне – нур,**

**бала – бакыт**

Ата – өчпөс чырак, эне – соолбос булак.

# Накыл сөздөр

- Ата-энең сага сүйлөгөндө
- үнүңдү алардын астында жогору көтөрбө
- Аларга катуу сүйлөбө жана ачууланба
- Сапарга чыгуу алдында ата-эненин дубасын алуу керек.
- Балдардын ата-энесине кылган дубалар тез кабыл болот.


Атаң конгон конушка сен да бир күн конорсуң, мактанбагын уулум ай, сен да мендей болоорсуң.

# Ата-энениң кадырын билген уул эл багар

Атаң карыса
кул кылба,
энең карыса
күң кылба!

# Ата болуш-
# ардак,
# эне болуш-
# сыймык

Ата-аскалуу зоо,
эне-боорундагы булак,
бала- экөө үчүн күйүп
турган шам чырак.





# Нускалуу карыя болбой, ыймандуу жаш болбойт.

# 6-декабрь

# Тема: Эне сүтүн кантип актайм?

06.12.21

# №16 сабак
# ЭНЕ СҮТҮН КАНТИП АКТАЙБЫЗ?

**Сабактын максаты:**

- Ата-энени сыйлоо керек экендигин түшүнүшөт;
- Текстти окуп, анын мазмунун түшүнө алат;
- Эненин үй бүлөдөгү орду кандай экендигин билишет;
- Окуучулар өз ойлорун эркин айтууга үйрөнүшөт.

**Сабактын жабдылышы:**

Текст боюнча тартылган түстүү сүрөттөр, эки ватман, эки маркер (кызыл, көк), темага байланыштуу таркатмалар ж.б.

**Сабактын ыкмасы:** Багыттап окутуу

**Сабактын жүрүшү:**

**Муз жаргыч**

***Мугалим:***

Окуучум, сенин ыймандуулугуң ата-энеңдин сыймыгы. Ата-энеңден алган мыкты тарбияңды коомго көрсөтүң, сабакты мыкты окушуң, элпектигиң, эл оозуна алынгандыгың, акылы тетик чыгаан эл инсаны болгондугуң эне сүтүн актоого кошкон зор үлүшүң.

Кандай учурда уул-кыз эне сүтүн актай алат? - деген суроого төмөндөгү окуялардан жооп издеп көрөлү.

**Талкуу үчүн текст:**

**Энемди ыраазы кыла алдымбы?**

Бир адам акылманга келип:

-Эй даанышманым! Энем өтө карып калды. Кыялы жаш баладай, балдарга окшогон иштерди кылат. Ордунан тура албайт. Ага өз колум менен тамак ичирем, дааратына жардам берем, андан кийин намаз окуган жерине көтөрүп алып барам. Айтканын жасайм. Эй даанышман, мен энемдин сүтүн актай алдымбы, ыраазы кыла алдымбы, жокпу? – деп сурады.

Ал даанышман:

-Энеңдин акысынын жүздөн бирин дагы актай албагансың, -деди.

Ал адам:

-Эмне үчүн? Эй даанышман! Мен энемдин айтканын эки кылбайм.

Даанышман:

-Энең сага: «Уулум өсүп чоңойсун, улуу адам болсун, өмүрлүү болсун» - деп кызмат кылып жүрдү. Сен болсо ага качан көз жумат, көз жумса кутулат элем деп кызмат кыласың. Булардын арасында тоодой, асман менен жердей айырма бар. Сен энеңе канча кызмат кылсаң дагы анын сүт акысын актай албайсың. Муну жакшылап билип ал. Эч бир перзент ата-эненин акысын актай албайт. Ушуну жакшы билгин сен энеңе кызмат кылсаң, Алла сага көп соопторду берет. Ата менен эненин ыраазылыгын алган адам жараткандын ыраазылыгына карк болот, ыраазылыгын алат, -деди.

**Суроолор:**

1. Сенин ыймандуулугуң ата-энеңдин сыймыгы дегенди кандайча түшүнөсүң?

2. Кандай учурда эне сүтүн актоого болот?

3. Эмне үчүн энесине канчалык кызмат кылса дагы анын акысынын жүздөн бирин дагы актай албады?

4. Ата менен энени ыраазы кылган адам Алланын ыраазылыгын алат дегенди кандайча түшүнөсүң?

Келгиле балдар, ата-энебиздин улуулугун даңазалап өз калемибизден көркөм чыгарма жараталы. Аны ата-энебизге окуп берип, батасын алып алардын кубанычына ортоктош бололу. «Менин сүйүктүү ата-энем» деген темада дилбаян жазып көрөлүчү.

Өзүңө ишен, калемди колго ал! Төмөндөгүдөй ыр саптарын сен да жаратасың.

**Эне ыйык**

Эне ыйык жашообуздун жарчысы,
Эне -дайра, биз булактын тамчысы.
Бешиктеги балтыр бешик баланын,
Эне өзү жүрөгүнүн жартысы.

Эне кымбат чындыгында баарынан,
Бир мүнөткө бөлөк болсо сагынган.
Эне сүтүн эмип жатып наристе,
Ыракаттанып көзүн ачпай уйкудан.

Эне күйөт, эне сүйөт баласын,
Энең кыдыр таалай жолун табасың.
Аска зоодой чалкып жатса эмгеги,
Кыялданып, толкунданып каласың.

***Н.Шамырканова***
***«Кырчын» журналы, 1996-ж. №2***

**Баарынан кымбат**

Бала үчүн эне кылат далалат,
Жанын кечип отко сууга сала алат.
Перзент үчүн жабыркаса жүрөгү,
Кандай пенде ага дары таба алат.

Ата болот бала үчүн аска тоо,
Бала өсөт аска тоону мекендеп.
Акыл айтат алтын сөзүн чуурутуп,
Уул өстүрөт түп тамырын бекемдеп.

***К.Акматов***

***«Айыл таңы» китеби, 2003-ж.***

«Бейиштин эшиги эненин таманынын астында»

***Хадис***

**Нуска сөздөр**

Улуң жаман болсо урматың кетет,
Келиниң жаман болсо уятың кетет.

## Сабактын максаты:

**Эненин үй –бүлөдөгү, коомдогу оордун, кадыр баркын жана кайталангыс мээримдүүлүгүн түшүнүшөт.**

## Сабактын максаты:

**Эненин үй –бүлөдөгү, коомдогу оордун, кадыр баркын жана кайталангыс мээримдүүлүгүн түшүнүшөт.**

**Эненин сыйлоого, урматтоого адамдык бийик сапаттарга тарбиялоо.**

## Эненин ак сүтүн актоонун үч кадамы:

**1-кадам.** Энеңдин жеңилин жерден, оорун колдон алып, идиш-Аяк жууп, үй жыйнап жардамдашкан бул биринчи кадамың.

**2–кадам.** Эненин үмүтүн ишке ашырып жакшы окуп, билимдүү, акылдуу, эмгекчил, өнөрлүү болсоң ак сүтүн актоонун экинчи кадамың.

**3-кадам.** Апаң кокус сыркоолоп калса тамактандырып, дары-дармегин берип, көңүл буруп, кабагыңды бүркөбөй жылуу мамиле кылып, ыраазы кылсаң бул сенин үчүнчү кадамың.

Эне сүтүн актоо үчүн анын улуулугун бил.

*енэ- нүдйү утук*

*нинензэ -үгөрүж асуроо*

*нызалаб игелиб*

*тйүроо*

Эне- үйдүн куту

Эненин жүрөгү ооруса

Баланын билеги ооруйт

1. Мектептен курсагың ачып келгенде тамагың даярдап алдыңа койгон ким?

2. Кийимиңди кирдетпей жууп- тазалап кийиндирген ким?

3. Мектепке кетсең жол карап, кечке дейре зарыга күткөн ким?

4 Сыркоолоп калсаң айланчыктап жаныңдан кетпей, ден-соолугуң үчүн тынчы кеткен ким?


Апа жонундо ырлар

